
# Улуу риф жылый баштаганда...



Автор: Ариэла Зибиа

Сүрөтчү: Сакиус Волавола

Которгон: Назира Сартбаева

# Улуу риф жылый баштаганда...

Автор: Ариэла Зибиа
Сүрөтчү: Сакиус Волавола
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Улуу риф жылый баштаганда…" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *The Great Reef Burn* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Ariyela Zibiya  жана сүрөтчүсү Sakius Volavola. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/the-great-reef-burn?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Таң эрте Мария жээкти бойлой чуркап баратты. Ал эң жакшы көргөн досу Хокихокини издеп жүрөт. Акыры анын төбөсү суудан чыгып турганын көрдү.

– О, мен суунун көтөрүлгөнүн жакшы көрөм, – деди Мария. – Суу көтөрүлгөн убакта мени табуу оңой! – деди Мария.






Бүгүн Хокихокинин маанайы жок.

– Эмне болду? – деп сурады Мария досунан.

– Мария, кечээ түнү Улуу рифтин аксакалдары жолугушту. Алар маанилүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн гана чогулушат. Көйгөйлүү маселеге асмандагы ай да көңүл бөлүп карап турду.







Узак жашаган моллюска – Рани жыйында биринчи болуп сүйлөдү.

– Мен 100 жыл жашадым. Айлана өзгөрүп баратканын байкап жатам. Суу жылуу, балыктар майда болуп калды. Улуу риф күчүн жоготуп баратат. Раковиналарды куруу жана оңдоо үчүн керектелүүчү нерселерди табуу жылдан-жылга кыйын болуп калды.


– Айрымдарыбыз укпай калдык, – деди Оти, фугу балыгы. Айрымдарыбыз өзгөрдүк. Мисалы, мен.






– Биз ушунчалык ачка болдук дейсиңер, китти дагы жеп салчудайбыз. Бизге ачкачылык келди,
– деди Раджа осьминог тукумунун атынан сүйлөп.

– Улуу риф деңиз балырларынын көп түрлөрүн жана коралл полиптерин жоготту. Биз тамак катары, рифти жегенге аргасыз болуп калдык. Бул мени капа кылат, бирок, эгерде жегенге эч нерсе калбаса, айла жок, рифти да жейбиз, – деди Кали тоту балык.





Күтүүсүздөн чыккан ачуу үндү угуп Кали токтоп калды.

– Анда кумду ким пайда кылат? – деп ыйлап жиберди Хокихоки. Ал чоң тоту-балык жылына эки тоннадан ашык кум пайда кыларын билчү. Кум алар жеген кораллдан пайда болот. Хокихоки тоту-балык жоголуп кетсе, эмне болорун элестетүүдөн дагы коркот. Мария бойлоп басып, сейилдеген жээк жоголуп кетиши мүмкүн.

– Жок, Хокихоки! Риф болбосо кум да болбойт, сен дагы жок болосуң! – деп Мария ыйлап жиберди.






– Биз бир нерсе кылышыбыз керек, – деп Мария шашыла үйүнө чуркап кетти.

– Апа! Апа! Хокихоки досумду жоготуп алышым мүмкүн экен, – деди Мария.

Апасы ал тынчтангыча кыса кучактап турду. – Жүрү, атаң жана чоң атаң менен сүйлөшөлү, – деди апасы.

Мария Улуу риф жылуу болуп баратканы жөнүндө Хокихокиден укканын айтып берди. Алар Мариянын сөзүн бөлбөй угушту. Балыкчы болгондуктан, чоң атасы, атасы дагы айрым өзгөрүүлөрдү байкап жүрүшкөн. Чоң балык кармаш үчүн алар терең сууга барууга аргасыз болушууда.





Кийинки күнү чоң атасы жамаатты жыйынга чакырды. Балыкчылар суу алдында эмне болуп жатканын айтып беришти.

Жыйынга келгендердин баары жардам берүүнү каалашты.

Кийинки күнү эртең менен достор деңиз жээгинде жолугушту.


– Хокихоки!

– Салам, Мария!

– Жашоочулар бир жыл бою Улуу рифти тынч коюуну макулдашты, – деди Мария.


– Чын элеби, Мария? Бул рифтин жылуу болуп баратканын токтото алат деп үмүттөнөм, – деп Хокихоки кубанып калды.

– Бул жылуулукту токтотууга жардам береби эч ким билбейт. Бирок Улуу рифти калыбына келтирүү үчүн жашоочуларда бир жыл убакыт бар, – деди Мария. Биз окумуштуулардын айтуусу боюнча, температураны төмөндөтүүгө жардам бере турган жаңы кораллдарды отургузабыз. Андан ары үмүттөнүп күтүп турабыз.



Мария айтып сөзүн жыйганча эле Хокихоки сүзүүгө камынды.


– Рифтин аксакалдарына жакшы жаңылыкты жеткиргенге шашылайын! – деп кыйкырды Хокихоки. Ал аксакалдарга өмүрүндө болуп көрбөгөндөй тез сүзүп келди.



Бир жылдан кийин достор кайрадан жээкте жолугушту. Хокихоки куйругуна үч тентек баласын кошо алып, Мария менен жолугушуу үчүн сүзүп келди.

– Өткөн жылы Улуу рифте коркунучтуу жылуулук болгону эсиңдеби? – деп эскертти Мария.

Хокихоки азыр кандай бактылуу экенин билдирип, жылмайып койду.





Биздин океан өзгөрүп жатат

Көмүр же газ сыяктуу отун түрлөрүн пайдаланууда көмүр кычкыл газы деп аталган башка газ бөлүнүп чыгат. Ал абага жана жарым-жартылай океандарга тарайт. Адамдар газды жана көмүрдү 200 жылдан бери күйгүзүп жатканы, абада дагы, океанда дагы көмүр кычкыл газынын өлчөмүнүн көбөйүшүнө алып келди. Океандагы кошумча көмүр кычкыл газы ал жакта жашаган өсүмдүктөр жана жаныбарлар үчүн экологиялык чөйрөнүн өзгөрүшүнө алып келет. Моллюскалар жана кораллдар сыяктуу раковина көтөрүп жүргөн же скелети бар деңиз жандыктары катуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбойт. Коралл жай өсөт. Башка жаныбарлар жана өсүмдүктөр тамак таба алышпай, өлүп калышат.

Адамдар океандан көп нерсени алышат. Ошондуктан океандардын экологиясы бузулса, адамдар балык кармай албай калышат. Бул адамдардын маанилүү тамак-аш булагын жоготушуна алып келет. Биз океандарды жана суу астындагы жашоону коргоо үчүн көп иш-аракет кылышыбыз керек.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ариэла Зибиа
Сүрөтчү: Сакиус Волавола
Которгон: Назира Сартбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли